УДК:821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.19

Дарманова З.
Умарова Р.
К. Карасаев атындагы БМУ

# Т. ҮМӨТАЛИЕВДИН АКЫНДЫК ТАБЫЛГАЛАРЫ

**Кыскача мазмуну:**

Бул макалада Т.Үмөталиевдин алгачкы чыгармачылыгы, поэзиясы, акындык изденүүлөрү тууралуу сөз болот. Акындын поэзиясынын көп тематикалуулугу, чыгармачылыгынын алгачкы жана согуш жылдарындагы көркөм сөз менен иштөө чеберчиликтери талдоого алынган. Майдан темасындагы ырларынан Улуу Ата Мекендик согуштун инвалиди С.Куланчиевге арналып жазылган “Эсиңде барбы” атуу сюжеттүү жана согуш темасындагы ырлары анализге алынган. Ырларынын идеялык-эстетикалык, мазмундук өзгөчөлүктөрү менен бирге кыргыз аскерлеринин мекенчил сезимдерин, журт боштондугу үчүн жүргүзгөн күрөштөрү, оор кырдаалдарда кандуу кармаштарга карабай ар-намысты бийик туткан атуулдук сезимин эрдигин поэтизациялоодогу Т.Үмөталиевдин акындык табылгалары иликтенген. Акындын поэмаларынан “Айсулуу”поэмасындагы образ куруу жөндөмүн, тилдик каражаттарын, мазмундук тематикалык-идеялык багытын, поэмадагы фольклор менен жаңычылдыктын карым-катышы тууралуу маселелер каралган.

**Түйүндүү сөздөр:** поэзия, жанр, образ, тематика, идеялык-эстетика, анализ, образ куруу, форма, мазмун, фольклор, тилдик каражат, тема, акын, чеберчилик.

Дарманова З.
Умарова Р.
БГУ имени К.
Карасаева

# ПОЭТИЧЕСКИЕ НАХОДКИ Т. УМОТАЛИЕВА

**Аннотация:**

В данной статье исследуется раннее творчество и поэтические изыскания Т. Умоталиева, осуществлен обзор политематики поэзии поэта, навыки работы с художественным словом в первые годы его творчества и военные годы. Из военной тематики проведен литературный анализ стихотворения с военным сюжетом «Ты помнишь», посвященное С. Куланчиеву – инвалиду Великой Отечественной войны. Наряду с идейно-эстетическими и содержательно-композиционными особенностями были также исследованы поэтические средства, применяемые Т.Умоталиевым в стихотворениях, в которых отражены патриотические настроения кыргызских воинов, раскрыты такие понятия как национально-освободительная борьба, высокая честь, мужество и чувство гражданственности в трудные военные дни. В рамках данной статьи также рассмотрены особенности создания поэтческого образа в поэме «Айсулуу», языковые средства, содержательная тематико-мировоззренческая направленность, соотношение фольклора и новаторства в поэме.

Ключевые слова: поэзия, жанр, образ, тема, идейно-эстетическое, анализ, построение образа, форма, содержание, фольклор, языковые средства, тема, поэт, мастерство.

**Darmanova Z.**
**Umarova R.**
**BSU named after K. Karasaev**

## T. UMOTALIEV`S POETIC FINDINGS

**Abstract:**

The article examines the early work and poetic quests of T. Umotaliev, reviews the poetic polythematics of the poet, the skills of working with the artistic word in the early years of his work and in the war years. The literary analysis of the poem with a military theme "You Remember", dedicated to S. Kulanchiev, a disabled veteran of the Great Patriotic War, is carried out from the military theme. Along with the ideological and aesthetic, substantive and compositional features, the poetic means used by T. Umotaliev in his poems, which reflect the patriotic mood of Kyrgyz soldiers, reveal concepts such as national liberation struggle, high honor, courage and sense of citizenship in the difficult war days are studied. This article also examines the peculiarities of creating a poetic image in the poem "Aisuluu", language means, substantive thematic and ideological orientation, the ratio of folklore and innovation in the poem.

**Keywords:** poetry, genre, image, thematic, ideological and aesthetic, analysis, image construction, form, content, folklore, linguistic means, theme, poet, skill.

Белгилүү акын Т.Үмөталиев калеминен, изденүүдөн, тубаса шыгынан жаралган чыгармачылыгын поэзия жанрны аркылуу бизге адабий мурас катары калтырып кеткен. Бирок акындын согушка чейинки көпчүлүк ырларынан кургак чакырык, насаат мүнөзүндөгү, социалисттик коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көтөрө чалып даңазалоо, суктана кароо, эмгек адамынын жетишкендиктерин мактоо, эмгекке үндөө сыяктуу тематикалык-идеялык өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. «Түштүгүм менин ак алтын», «Темир тулпар», «Эпкиндүү», «Кайназарова Зууранкга», «Чөп кетменди батыра» деген сыяктуу ж.б.ырлары буга мисал боло алат. Албетте, поэзия жаатындагы мындай өзгөчөлүк 30-жылдардагы көпчүлүк акындардын чыгармачылыгына мүнөздүү көрүнүш. Анын объективдүү жана субъективдүү себептери болгон. "Көркөм адабияттын коомдук функциясын бир жактуу түшүнүү аларды дидактизмге, агитациялык ыракаттык мүнөздөгү чыгармаларды жаратууга алып келген. Турмуш чындыгын адекваттуу берүү ниетинде айрым авторлор анын өнүгүү темпин, тарыхый кыймылдаткыч күчүнүн маанисин ачмакчы болушуп, көп учурда фактыларды үстүртөн баяндоону жетиштүүдөй эсептешкен. Коомдук татаал көрүнүштөрдүн ички маңызына үңүү аракеттери көбүн эсе суктануучулукка, лирикалык каармандын илептүү сөздөрүнө басылып калып реалдуу

образ, конкреттүү ой бүдөмүктө калган. » [1,224-б.]

Мындай сапатты Т.Үмөталиевдин эмгек темасындагы ырларынан гана эмес, башка тематикалык мазмунда жазылган ырларынан кезиктирүүгө болот. “Бул анык метофизикалык мамиле,предметтин өзөктүк жан дүйнөсү менен ички байланыштарын таштап, үстүндөгү чачырандыларды тизмектеп белгилеген эмпирикалык майдалык.“ [2, 382-б. ] Суу темасына арналган Жеңижоктун, Молдо Кылычтын, Барпы Алыкуловдун жогорку философиялык мазмундагы ырлары бар экендиги маалым. Т.Үмөталиев да кыскача болсо да суунун адамзат жашоосундагы ордун ырга салган. Бирок акындын “Суу” деген төрт куплеттен турган ырынын экинчи куплетинин төртүнчү сабындагы “Өмүрү суу эл жашаган үйлөрдүн“ деген саптар жана акыркы куплеттин төртүнчү сабында “Эттин кирин кетирген да ушул суу”,- [ 3,166-б.]маанилик жактан да, образдуулугу жагынан да супсак, кургак, уйкаштыгы жагынан да шайкеш келбей калган сүйлөмдөр менен берилген.

Ал эми анын акындык табылгалары тууралуу сөз кылганда, Т. Үмөталиевдин чыгармачылыгынан саясий лирика кеңири орун алгадыгын белгилөөгө болот. Анын майдан темасында бир кыйла элестүү, таасирдүү жазылган “Эсиңде барбы” деген сюжеттүү ыры согуш мезгилинде жазылган. Ал ырды Т.Үмөталиев согуш майданында өзү менен бирге кызмат өтөп, немецтик баскынчыларга каршы күрөшкөн Улуу Ата Мекендик согуштун инвалиди Сагынбек Куланчиевге арнаган.Чыгармада каармандын боз шинель кийип, курал кармап Кавказдын тоо таштарын басып, канчалаган кыр ашып калмак чөлүндө окоп казган оор күндөрү сүрөттөлөт. Окурман ырдын мазмунунан согуш талаасындагы салгылаш, кандуу кармаш кандайча жүргөнү тууралуу бир топ маалыматтарды ала алат. Т. Үмөталиевдин “Эсиңде барбы” деген сюжеттүү ушул ырында согуш талаасында советтик аскерлердин мылтык менен душмандын танкын аткылаганы, самолёттер менен эсепсиз бомбалардын ташталышы жана бомбанын жарылуусунан дүңгүрөгөн катуу үндөрдөн, жер жарылып кара туман каптап, жүрөк солкулдаткан кандуу мезгилдин элеси, кесепети көз алдыбызга келет. Жер чайпалгансып, көз тунарткан танк менен танктын кагылышынан, бирин-бири аткылаган эки тараптын кармашынан, мөндүрдөй жааган октон, снаряддардан токойлордун өрттөлүшү, жер томсоруп, тынч жаткан табият эсепсиз бүлүнгөнү чагылдырылган. Адам адамга жоо болуп, жөө аскерлердин душман менен кандайча согушканы, кылычташып, кекиртектен илип, толорсуктан чалып, курсакка сайган аёосуз кармаш, эсепсиз кандуу трагедия тууралуу баяндоолор орун алган. Ырда калк башына түшкөн кайгы, Сагынбек Куланчиевдин жигиттик милдетинин бийик жоопкерчилик менен аткарылышы, кыргыз аскерлеринин да эсепсиз эрдиги, тайманбастыгы, кайраттуулугу жогору болгондугу конкреттүү, ачык сүрөттөлүп, чыгарма патриоттуулук сезимге терең сугарылган идеялуулугу менен өзгөчөлөнүп турат.Ушундай апааттуу күндөрдө ак менен кара күчтүн кагылышынан уулунан айрылган ата-эненин, жакынынан айрылган дос, туугандын, жашоодогу тирегинен айрылган кыз-келиндин башына келген алаамат кайгы мына ушундай

жолдор менен келгендигин баян этүү акындын негизги максаты болгон. Кандуу кагылыштан аёосуз күлү көккө сапырылган жандуу жансыздын тагдыры, кыйроо элестүү берилген. Сагынбектин бутуна снаряд тийип, бутунан ажырайт. Совет аскери Сагынбек Куланчиевдин тартынбаган баатыр мүнөзү, ушундай азаматтардын элине жеңиш алып келген эрдиги даңазаланат. Ырда "өмүрдү жиптей үзүшүп" деген салыштыруулар орундуу чыккан. Акындын согуш темасындагы бир топ ырлары да публицистикалуу мүнөзгө ээ, философиялуу берилген. Адамды табуу, багуу, чоңойтуу, кырсыкканда сактап калуу кандай кыйын, бирок душмандардын кыянаттыгыгынан адам пендесине бир келген өмүрдүн көз ачып -жумганча үзүлүшүн, адамга адамдын кастыгы оңой эле жол менен ишке ашкан ачуу чындыгынын картинасын акын поэзиянын тили менен мына ушундайча туюндурган. Т. Үмөталиев советтик жана кыргыз жоокерлердин согуш талаасындагы душман менен кармашкандыгы күчтүү демин, патриоттук сезимдерин, эмоционалдуу поэтикалык тил менен таасирдүү бере алган.

Моздок чөлүндөгү кармаш акындын ушул ырында да, "Кубат" поэмасында да кенен сүрөттөлгөн. Бул ырдын мазмунунан совет эли менен немецтердин бири-биринен кем калышпаган аскердик техникалары, ошол жердеги тоонун аскасынан туруп, тоо-таштын да быт-чытын чыгарып талкалаган согуштук аракеттердин жексур мүнөзүн көрө алабыз. Совет аскерлеринин танкы менен "катюшаларынын" кызыл кыргын салышы, немецтердин бир күндө миңдей танка жиберсе да утпай утулушу чагылдырылган. Сержант Сагынбектин да душмандын жолун тороп, бекиген чебин кыйратып артка карай кууп, бөгөт койгон эрдигин, аны менен кошо майданда кармашкан Т. Үмөталиевдин эрдиги, кайратын, айбатын душманга каршы сезим дүйнөсүнүн көрүүгө болот. Ырда "Ошонун баарын сен көрдүң, Сен көргөндү мен көрдүм", Сагынбек сержант сен көрдүң, сен көргөндү мен көрдүм", Ошол кезде сен болдуң, Сен болгон жерде мен болдум деген" саптардагы ой рефрен аркылуу берилген. [4,91-б.] Ар кандай талант үчүн адам мүнөзүндөгү согуштук тирешүүдөн жан аябай кырчылдаша салгылаштан жаралган баатырлардын ички карама-каршылыктуу курч сезимдерин ачып берүү онойго турбас эле. Чабуулдун жүрүшүнөн түтүн каптап, өрт алган, бомба жарылып, эсепсиз кыргын коркунучу коштогон согуш каармандарынын эрдиктерин, алардын мындай оор абалга туруштук берген кайратын Т. Үмөталиев сыяктуу согушту өз көзү менен көрүп, бир эле учурда акындык да, атуулдук милдетин да чоң жоопкерчилик менен өтөй алган акындар гана жаза алмак. Анын бул ырында ылайыктуу табылган ыр саптарындагы рифма менен басым, муундардын ритмдин айкалышы, төп келиши төмөнкү саптардан көрүнүп турат:

Эсиңде бардыр, Сагынбек,

Моздок чөлү кубарган
Учкан чаң, түтүн тумандан
Көрбөй көзүң тунарган,
Танк менен танк сүзүшкөн
Узун жолдор чубалган
Өмүрдү жиптей үзүшкөн
Коркпогон эч бир убалдан. [4,91-б.]

Мындан сырткары согуш темасына арналган «Кыргыздар келди майданга», «Ыр экөөбүз», «Өзүң төркүн», «Апсамат», «Мейлиң кабар таманым», «Жеңиш ыры», «Түшкө кирген ыр», «Турса дейбиз», «Ветерандын ыры», «Жеңиш күүсү», «Биздин достук», «Белек», «Түшкөн эмес асмандан» ж.б. ырлары да мындай ойлорго мисал боло алат.

«Өзүң Төркүн: Эстей берсе моздок чөлүн,
Арбашканды өмүр өлүм.
Танк тебелеп окопторго,
Теңтуштардын көмүлгөнүн .
Эстей берем, эстей берем
Кур санааны көрбөй эрен,
Ал каардуу кез сай сөөгүмө...
Батса керек өтө терең?
Көз алдымда жер чымырап,
“Боң” дей түшөт, башты жулат.
Бирок биздин чыдамкөйлүк
Ушул күнгө эсте турат.

Акындын согуш күндөрүнүн ачуу чындыгын, бирөөнү өмүрдөн айырса, бирөөнү майып кылып бактысынан айырып, таманды таш тилип, жүрөктү эзген, сазга белчесинен баткан, эсепсиз ашууларды, кырларды кезип эл-жер үчүн согушкан кыргыз жоокерлеринин эрдиктерин поэтизциялаган чыгармачылыгы азыркы муун үчүн эл алдындагы эр жигиттин милдетин , Ата журт ыйыктыгын туюндуруудагы зор тарбия,үлгү ,тынчтыкка чакыруу катары да тарыхый сабак катары да татыктуу баага, зор салмакка ээ деп айтууга ылайыктуу.

Т. Үмөталиев поэма жанрында көп чыгармаларды жаратты, чыгармачылыгынын алгачкы жылдарындагы көркөмдүк сапаты жагынан айырмаланган чыгармаларынын бири -“Айсулуу” поэмасы. Поэма 1939-жылы жазылган деп акындын чыгармачылыгына байланыштуу эмгектеринде көрсөтүлгөнү менен чыгармада согушка байланыштуу окуялар, маалыматтар кенири орун алган. Чыгарма ретроспекциялык каарман Эргеш акенин баяны менен башталат. Акын чыгарманы башкы каармандардын бири Айсулууну “Пахта-Дөбө” колхозунда эки курбу кыздын анар үзүп жүргөндүгүн айтып бүткүс, эстен кеткис сулуулугун сыпаттоо менен баштаган. Бул жагынын алганда, Айсулуунун

жана Авазбектин образдарын, тышкы портретин сыпаттоодо адабиятчылар тарабынан фольклордук эпикалык салттардын принциптерине таянган деген пикирлер айтылып жүрөт. Поэмада акын элдик поэтиканын элементтеринин колдонуп, ага жаңыча мазмунду камтып, чындыкты кабылдоонун элементтерин пайдаланган. Авазбек жолборс, шер деп сырткы көрүнүшү, күчтүүлүгү, сулуулугу менен өзгөчөлөнүп сыпатталганы менен, автор аны бир жактуу, идеалдуу каарман катары баяндоодон алыс болуп, реалдуулукка ыктап, ички дүйнөсүнө, адамдык сапатына маани берет. Айсулууга Авазбек сөз айтып сезимин билдиргенде, анын колхоздогу эмгек дептерин көрүп, оң жооп айткан эмес. “Айсулуу ушул катты алган болчу, чынында ашык болуп калган болчу” деп Айсулуунун да чындыгында ашык болуп калганы тууралуу айтылат. Авазбектин эмгек күнүн көрүп “кайра жолго салгандыгы” да чындык. Эркин эмгек дайыма адамзат турмушунда адамдын адамдыгын, аракет күчүн, шыгын, жөндөмүн таразалаган чен-өлчөм болуп келген жана боло берет эмеспи. Ошентсе да, социалисттик коомдогу жаңы турмуштун артыкчылыгын коомдун өнүгүүсүн эмгек аркылуу көрсөтүү мезгил талабы да болгон. Ушундан улам А. Осмоновдун “Түп суусу” деген сюжеттүү ырын мисалга тартууга ылайыктуу. Лирикалык каарман Канымкүл аттуу колхозчу кызды сүйүп калган болот. Түп суусуна келип, тайызыраак кечүү таппай, күүгүмдө шашып, арга издейт. Айсулуу сыяктуу “Бул кайдагы эмгек күнү жок неме” деп Канымкүл да жигитти бул чыгармада теңсинген эмес:

Жарым деймин, бирок мени кыз сүйбөйт,
Сынбасын дейт, сүйбөстүгүн билгизбейт,
Бул кайдагы эмгек күнү жок неме,
Деп күлөт да мени өзүнө теңсинбейт [5,45- б.]

Адабиятчы К.Артыкбаев жазгандай, «Канымкүлдүн жигитке койгон талабы – ошол мезгилдеги замандын кыздарынын талабы, ал эми жигиттин сүйгөнүнө жетүү үчүн кылган аракети – учурдун алдыңкы жаштардын эмгекке кылган жаңы мамилеси, өз максатына жетүү үчүн алга умтулуусу. [6,215- б.]

Чыгармада Айсулуу Авазбектин түшүнө кайра-кайра кирет. Демек, акын анын жүрөк сезиминдеги уйгу-туйгусун канчалык бир деңгээлде терең иштеп чыгууну пландап, Авазбектин ички сезимин, психологиялык абалын тереңдетүү аракетинде болгондугу көрүнүп турат. Авазбек Айсулуунун мамилесинен улам эмгекке болгон активдүүлүгү жанданып,эмгек жолунда жетишекендиктерге, өзгөрүүгө ээ болот, комсомолго да кабыл алынат.Ал кезде комсомолго өтүү да сыймык да,жоопкерчилик да болгон. Аны армияга да узатышат. Чыгармада Авазбек Айсулуунун жообунан кийин эмгектенип, күнү-түнү жумушка дитин коюп, активдүү өзгөрүүгө бет алган каарман катары чагылдырылышын, Айсулуу менен катар жыйналышта комсомол мүчөлүгүнө да кабыл алынышынын өзүн эле ошол мезгилдин талабы менен ошол кездеги коомдук аң-сезимдин бир көрүнүшү иретинде да карасак болот. Экөөнүн ортосундагы ынак мамиле, сүйүү сезимдери, сагынуу, күтүү, максат-тилектери алардын бири-бирине жазган каттары

аркылуу да байкалат. Авазбек армияга барып да душман менен салгылашып бир катар эрдик көрсөтүп, баскынчыларга сокку урат.Анын чак түштө өзү жалгыз мылтык менен он жетисин аткандыгы, найза менен да согушуп:

Бир душман гранатты жөнөттү эле,
Түшүрбөй кармап алып кайра ыргыттым.
Далайын көмөлөтүп топуракка
Денесин кийиз кылчу жүндөй тыттым, - деген жазган катындагы баяндоолору Авазбектин согуш майданындагы эрдиктери ынанымдуу эмес иштелип калгандай таасир калтырат, психологиялык жактан терен ачылбай калган.Бул поэманын мазмунунан совет бийлиги келгенден кийин элдин, жаштардын аң-сезиминде үй-бүлө куруу, жар тандоо тууралуу түшүнүктөрдүн жаңыланышын жана эмгек темасын Ата журтка кызмат кылуу темасы менен байланышта ачып берген десек болот. Анткени чыгарма башталганда эле Айсулууга жуучу келип, колун сурап тыным беришпейт. Ошондо атасы Курбанбай ачууланып:

Көңүлгө сурагындай менден келип
Мал эмес менин кызым десең боло,
Турасың ар ким айтса сөзүнө эрип
Кыз эркин өзү билген замана го.
Сүйлөшөр жигит жакса, өзү көрүп [4,255- б.]

деп аялына катуу айтат. Ушул саптардан эле поэмада жогоруда айтылган ой, мамиле поэмада баштан аяк сезилип турат.Чыгарманын аягында Авазбектин ата-энесинен бир да кат-кабары жок эле Айсулууну баргын деп “өз ою барам десе барсын дешти” деп, анын да ата-энеси Авазга көңүлү толгондугу үчүн эле кызын жалгыз, каадасыз узатып жибергендиги сыяктуу көрүнүштөр поэмадагы окуя жасалмалуу аяктагандай таасир калтырат. Акындын калеминен жаралган поэмалар арбын, көп тематикалуу.Анын каармандары дайыма турмуштагы ар кандай кырдаалдарды, карама-каршылыктарды жеңүүгө умтулган каармандар.

Жалпылап айтканда, акын Т.Үмөталиев - чыгармачылык жолунда тынбай иштеп, поэзия жанры аркылуу жүрөк сезими менен тереӊ туйган, өзү көрүп-билген турмуш сабактарын, чыгармачылыгын өзгөчө эргүү менен жазып бизге калтырып кеткен таланттуу акын.

**Адабияттар**

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. Ф., 1990.
2. Даутов К. Доорлор чындыгы көркөм адабиятта Б., 2016
3. Үмөталиев Т. 6-т., Б., 2015.
4. Темиркул. Ырлар, прозалар, арноолор. Б., 2003.
5. Осмонов А. Көл толкуну, 1-т, Б., 2010.
6. Артыкбаев К. XX кылы